- тийиштүү туруктуу (убактылуу) комиссиялардын корутундусу же чечими;

- экспертиза жүргүзүүнүн (зарылчылыкка жараша) натыйжасында даярдалган эксперттик корутундулар.

23.2. Айылдык кеңештин токтому мамлекеттик тилде ал эми зарыл болгон учурда расмий тилде да киргизилет жана кабыл алынат. Аймагында жашаган мамлекеттик тилди билгендердин саны басымдуулук кылган шартта жана айылдык кеңештин токтомун мамлекеттик тилде киргизүү жана кабыл алуу тууралуу айылдык кеңештин чечими болсо, токтом мамлекеттик тилде гана кабыл алууга жол берилет.

23.3. Регламенттин жана «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен даярдалып кароого киргизилген токтомдун долбоору белгиленген тартипте бузуулар четтетилгенге чейин кайтарылып берилүүгө жатат.

## 24. Айылдык кеңештин сессияларында маселелерди кароонун тартиби

24.1. Айылдык кеңештин сессияларында күн тартибине киргизилген жана сессиянын ишинин башталышында айылдык кеңештин депутаттары тарабынан күн тартибине кошумча киргизилип, бекитилген маселелер каралат.

24.2. Күн тартибине киргизилген маселелер боюнча маселенин демилгечиси же маселени алдын ала кароо тапшырылган туруктуу (убактылуу) комиссиянын төрагасы баяндама менен чыгып сүйлөйт, эгерде органдын же кызмат адамынын отчету болсо отчет берүүчү адам, эгерде уюмдун, мекеменин, ишкананын, бирикменин иши жөнүндө маалымат болсо, анда анын жетекчиси (мындан ары-баяндамачы) чыгып сүйлөйт, баяндамачы жок болуп калган учурда анын эмне үчүн жок болгондугун аныктоо менен маселе кийинки сессияга жылдырылат.

24.3. Айылдык кеңештин депутаты сессияда каралып жаткан маселе боюнча баяндамачыга суроо берүүгө, каралып жаткан маселе боюнча токтомдун долбооруна жазуу жана оозеки түрүндө сын-пикирлерин жана сунуштарын берүүгө укуктуу.

24.4. Маселени жана токтомдун долбоорун караган учурда туруктуу (убактылуу) комиссиялардын корутундулары, ошондой эле депутаттардын жазуу жана оозеки түрүндө сын-пикирлери жана сунуштары угулат, алар талкууланып добушка коюлат.

24.5. Талкуу (жарыш сөз) бүткөндөн кийин баяндамачы корутунду сөз сүйлөөгө укуктуу. Андан ары депутаттар добуш берүүнүн түрү (ачык, жашыруун) боюнча сунуш берүүгө укуктуу.

24.6. Талкууланып жаткан маселе боюнча токтомдун долбоорунун текстине депутаттардан сунуштар келип түшсө, төрага депутаттардын бардык сунуштарын түшкөн ирети боюнча добушка коет. Депутаттардын жалпы санынын көпчүлүгү добуш менен депутаттын сунушу кабыл алынды деп эсептелинет жана токтомдун долбоорунун текстине кошулат. Депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушун ала албаган сунуш четке кагылды деп эсептелинет.

24.7. Токтомдун долбоору добуш берүү аркылуу киргизилген сунуштарды жана сын-пикирлерди эске алуу менен жалпысынан добушка коюлат. Эгерде токтомдун долбоору жалпысынан кабыл алынбаса, ал четке кагылды деп эсептелинет. Четке кагылган токтомдун долбоору айылдык кеңештин кезектеги сессиясына 3 айдан кийин гана киргизилиши мүмкүн.

24.8. Айылдык кеңештин депутаттары талкуулоонун жыйынтыктары боюнча, эгерде берилген суроолор боюнча баяндамачынын жоопторуна канааттанышпаса, же каралып жаткан маселени баяндамачы толук эмес иликтесе, же мыйзамдардын ченемдерине карама каршы келсе, депутаттардын сын-пикирлерин жана сунуштарын эске алып, айылдык кеңештин кийинки сессиясына киргизүү укугу менен маселени жеткире иштеп чыгууга жөнөтүү тууралуу депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чечим кабыл алууга укуктуу.

24.9. Талкуулоонун жүрүшүндө баяндамачы каралып жаткан маселени кийинки сессияга жылдыруу тууралуу билдирүү менен төрагага расмий түрдө жазуу же оозеки түрүндө кайрылууга укуктуу. Мындай учурда талкуу токтотулат, каралып жаткан маселе кийинки сессияда каралууга жатат.

## 25. Чыгып сүйлөөлөрдүн түрү жана алардын узактыгы

25.1. Сессияларда төмөндөгүдөй чыгып сүйлөөлөрдүн түрү жана алардын убактысынын узактыгы каралат:

-баяндама — 5 мүнөткө чейин;

-баяндамаларды жарыш сөздөрдө талкуулоо үчүн — 3 мүнөткө чейин;

-күн тартибин талкуулоо үчүн – 3 мүнөткө чейин;

-талкууланып жаткан маселе боюнча корутунду сөз үчүн — 3 мүнөткө чейин;

-шайлануучу кызматка талапкердин чыгып сүйлөөсү үчүн — 2 мүнөткө чейин;

-талкууланып жаткан талапкер боюнча жарыш сөзгө чыгып сүйлөө үчүн - 2мүнөткө чейин;

-добуш берүүнүн жүйөсү боюнча чыгып сүйлөө үчүн — 2 мүнөткө чейин;

-жыйынды алып баруунун тартиби боюнча чыгып сүйлөө үчүн — 2мүнөткө чейин;

-сунуштар, маалыматтар, билдирүүлөр, кайрылуулар үчүн — 3 мүнөткө чейин;

-кайталап сөз сүйлөө үчүн — 1 мүнөткө чейин;

25.2. Депутаттардын макулдугу менен төрага чыгып сүйлөөлөрдүн убактысын 5 мүнөткө чейин узартууга укугу бар.

25.3. Бир эле маселе боюнча бир депутаттын экиден ашык сөз сүйлөөсүнө жол берүү добуш менен чечилет.

25.4. Шайлануучу кызматка талапкердин баяндамасы, чыгып сүйлөөсү трибунадан жүргүзүлөт, калган чыгып сүйлөөлөр — трибунадан же олтурган ордунан жүргүзүлөт.

25.5. Депутат жыйында төрага тарабынан өзүнө сөз берилгенден кийин гана сөз сүйлөйт.

25.6. Сөз берүү жөнүндө сунуш төрагага жазуу түрүндө же оозеки түрүндө берилет.

25.7. Айыл өкмөт башчысы, райондун акими жана анын орун басарлары каралып жаткан маселе боюнча сөз сүйлөө үчүн кезексиз түрдө сөз алууга укуктуу.

25.8. Төрага тарабынан сессиянын ичинде 10 мүнөткө чейинки кезексиз тыныгуу жарыяланышы мүмкүн.

25.9. Баш аламандык пайда болгондо жана аны токтотууга мүмкүн болбой калган учурда төрага 30 мүнөткө чейин тыныгуу жарыялоого укуктуу. Эгерде сессия өз ишин кайрадан баштаганда баш аламандык улана берсе, төрага сессияны жабык деп жарыялоого жана/же аны белгилүү убакытка же күнгө которууга укуктуу.

## 26. Жарыш сөз (талкуулоо)

26.1. Төраганын уруксаты жок сессияда эч кимдин сөз сүйлөөгө укугу жок.

26.2. Жарыш сөзгө чыгып сүйлөөчүлөр талкууланып жаткан маселенин темасын кармануга тийиш. Чыгып сүйлөөчү темадан чыгып кеткен учурда, төрага ага эскертет, ал эми Регламенттин талаптарын кайталап бузган учурда төрага чыгып сүйлөөчүгө сөз бербөө жөнүндө маселени добушка коюуга укугу бар.

26.3. Төрага жарыш сөздөрдү токтотуу тууралуу сунуш келип түшкөндө депутаттарга чыгып сүйлөөнү каалагандардын, бирок сөз жетпей калгандардын саны жөнүндө баяндайт, кимиси чыгып сүйлөөнү талап кылып жатканын аныктайт жана ушуларды эске алуу менен жарыш сөздү токтотуу тууралуу маселени добушка коет.

26.4. Жарыш сөз токтотулгандыгына байланыштуу сөз сүйлөй албай калган депутат төрагага сүйлөөчү сөздөрүнүн текстин сессиянын протоколуна тиркеп коюу үчүн берүүгө укугу бар.

## 27. Айылдык кеңештин сессиясында чечим кабыл алуу

27.1. Айылдык кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынын жарымынан көбү катышса укук ченемдүү. Айылдык кеңеш чечимди айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алат.

27.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда айылдык кеңеш айрым маселелер боюнча жалпы депутаттардын санынын үчтөн экисинин добушу менен чечим кабыл алат.
27.3. Депутаттардын сессияга катышкан санынын көпчүлүк добуштары менен жол-жобо (процедуралык) маселелери боюнча чечимдер кабыл алынат.

## 28. Добуш берүү жана анын түрлөрү

28.1. Ушул Регламентте добуш берүүнүн натыйжаларын аныктоо үчүн колдонулган төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

-айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы саны – 21; (мисалы: 11, 21, 31, 41 депутат)

-сессияга катышкандардын саны – каттоодон өткөн депутаттардын саны.

28.2. Айылдык кеңеш сессияларда ачык жана жашыруун добуш берүү жолу менен чечимдерди кабыл алат:

-ачык добуш берүү - депутаттардын кол көтөрүүсү аркылуу;

-жашыруун добуш берүү - депутаттар атайын кабинада бюллетендерди толтуруп, аларды чапталып бекитилген үкөккө салуу аркылуу жүргүзүлөт.

28.3. Айылдык кеңештин депутаты добуш берүүгө өзүнүн укугун жеке өзү ишке ашырат. Депутаттын добуш берүү укугун башка депутатка ишеним кат же башка жол менен өткөрүп берүүсүнө, онлайн добуш берүүсүнө жол берилбейт.

28.4. Айылдык кеңештин депутаты чечим кабыл алуу үчүн "макул" же "каршы" добуш бере алат. Бир маселе боюнча депутат бир гана добушка ээ.

28.5. Добуш берүү учурунда жок болгон депутат добуш берүү аяктагандан кийин өзүнүн добушун берүүгө укугу жок. Жыйындар залында катышып олтурган шартта депутаттын добуш берүүгө катышпай калышы добуш берүүнүн жыйынтыктарын кайра кароо үчүн негиз болуп саналбайт.

28.6. Добуш берүүнүн башталгандыгы жарыялангандан кийин эч кимдин аны үзгүлтүккө учуратууга укугу жок.

## 29. Эсептөө комиссиясынын иши

29.1. Жашыруун добуш берүүнү өткөрүү жана анын натыйжаларын белгилөө үчүн депутаттар эсептөө комиссиясын түзүшөт. Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү депутаттардан турат жана так санда болуусу шарт.

29.2. Эсептөө комиссиясы өзүнүн курамынан эсептөө комиссиясынын төрагасын жана катчысын шайлайт, ошондой эле эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн ортосундагы милдеттерди бөлүштүрөт.
Эсептөө комиссиясынын төрагасын, катчысын шайлоо жөнүндө, ошондой эле мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү тууралуу эсептөө комиссиясынын чечими анын мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протокол менен жол-жоболоштурулат, протокол айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бекитилет.

29.3. Жашыруун добуш берүү үчүн бюллетендер айылдык кеңештин чечими менен сунуш кылынган жана бекитилген форма боюнча эсептөө комиссиясы тарабынан даярдалат, анын саны айылдык кеңештин депутаттарынын санына барабар болот. Добуш берүү үчүн бюллетенде "макул", "каршы", деген жооптордун варианттары турат. Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү бюллетендин ар биринин арткы бетине кол коюшат.

29.4. Эсептөө комиссиясы жашыруун добуш берүү үчүн кабинаны орнотуу менен депутаттар өз эркин жашыруун билдирүү үчүн шарттарды түзөт.

29.5. Добуш берер алдында эсептөө комиссиясы айылдык кеңештин бардык депутаттарынын катышуусунда добуш берүүгө үкөктү бекитет.

29.6. Депутат жашыруун добуш берүү үчүн бир бюллетень алып, жашыруун добуш берүү үчүн бюллетендерди берүү ведомостундагы өзүнүн фамилиясынын тушуна кол коёт жана жашыруун добуш берүү үчүн кабинага келет. Добуш бергенден кийин депутат добуш берүүчү үкөкко бюллетенин таштайт.

29.7. Добуш берүү бүткөндөн кийин эсептөө комиссиясында калып калган бюллетендер эсептелинет жана депутаттардын катышуусунда эсептөө комиссиясынын төрагасы тарабынан бюллетендин оң бурчун кесүү аркылуу жок кылынат.

29.8. Депутаттардын добушун саноодо белгисиз формадагы бюллетендер, ошондой эле депутаттардын эркин билдирүүнү аныктоого мүмкүн болбогон бюллетендер жараксыз деп табылат. Бюллетенге киргизилген толуктоолор добуштарды санoодо эске алынбайт.

29.9. Жашыруун добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө эсептөө комиссиясы протокол түзөт, ал эсептөө комиссиясынын бардык мүчөлөрү тарабынан кол коюлат жана сессияда эсептөө комиссиясынын төрагасы аны жарыя кылат.

29.10. Эсептөө комиссиясынын протоколунун негизинде сессияга төрагалык кылуучу чечимдин кабыл алынгандыгы же кабыл алынбагандыгы тууралуу жарыя кылат. Жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол айылдык кеңештин токтому менен бекитилет.

## 30. Кабыл алынган токтомдордун күчүнө киришинин тартиби

30.1. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы баяндамачы менен бирдикте айылдык кеңеш чечим кабыл алган маселе боюнча кабыл алынган токтомду ал кабыл алынган күндөн баштап 5 жумушчу күндүн аралыгында жол-жоболоштурат.

30.2. Айылдык кеңештин төрагасы кабыл алынган токтомдун долбоорун четке кагууга укугу жок жана ага кабыл алынган күндөн баштап 5 жумушчу күндүн аралыгында кол коёт.

30.3. Документти жол-жоболоштурган учурда грамматикалык мүнөздөгү түзөтүүлөрдү кошпогондо, ага оңдоо киргизүүгө жол берилбейт. Сессияда кабыл алынган токтомдун мазмундук бөлүгүнө оңдоо киргизген адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык документти бурмалагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылат.

30.4. Айылдык кеңештин токтому күчүнө кириши үчүн расмий жарыялануга тийиш:

- айыл аймакта кыйла кеңири таралган, белгиленген тартипте каттоодон өткөн басылмалардын ичинен айылдык кеңеш аныктаган басылмаларда же атайын көрүнүктүү жерлерде (такталарда, стенддерде);

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, же Кыргыз Республикасынын Президентинин тиешелүү облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий веб-сайтында.

30.5. Токтомду расмий жарыялоо мамлекеттик тилде ал эми зарыл болгон учурда расмий тилде жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик жана (же) аскердик жашыруун сырды камтыган токтомдорду кошпогондо, толук эмес баяндамадагы токтомдорду жарыялоого жол берилбейт.

30.6. Ченемдик укуктук актынын расмий жарыяланышынын датасы ошол акт жарык көргөн басылма жарыкка чыккан күн эсептелинет.

30.7. Эгерде токтомдун өзүндө башкача каралбаса, токтом расмий жарыяланган күндөн баштап он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет. Ишкердикти жөнгө салган токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күндөн кийин күчүнө кирет.

30.8. Айылдык кеңештин токтомдорун каттоону төмөнкү реквизиттерди көрсөтүү менен айылдык кеңештин токтомдорун каттоо жөнүндө журналга жазып түшүрүү аркылуу жооптуу катчы ишке ашырат:

- актынын түрүн көрсөтүү;

- ошол ченемдик укуктук актыны жөнгө салуу предметин билдирген аталыш;

- кабыл алынган жери жана датасы;

- каттоо номери.

30.9. Расмий жарыяланган күнү айылдык кеңештин токтомунун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин тийиштүү аймактык бөлүмүнө эки нускада, мамлекеттик жана/же расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түшүрмөлөрдө жарыяланган булагын көрсөтүү менен ченемдик укуктук актыларын 7 жумушчу күндүн ичинде Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлөт.

30.10. Айылдык кеңештин токтомунун көчүрмөсү кабыл алынган чечимдер жөнүндө коомчулукту кеңири маалымдоону камсыз кылуу үчүн айыл аймактын маалымат илинүүчү такталарына милдеттүү түрдө жайгаштырылат.

## 31. Айылдык кеңештин сессиясынын жана анын органдарынын протоколу

31.1. Айылдык кеңештин сессияларында, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында протокол жүргүзүлөт, ага катар номери берилет.

31.2. Сессиялардын жана жыйындардын протоколдорун жүргүзүү жана жол-жоболоштуруу протоколдорду жүргүзүү жана сактоо үчүн кеңештин жооптуу катчысы тарабынан жүргүзүлөт. (Жооптуу катчы каралбаган айылдык кеңеште протоколду айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы жүргүзөт).

31.3. Протоколдун тексти киришүү жана негизги бөлүктөрдөн турат:

а) айылдык кеңештин сессияларынын жыйындарынын протоколунун киришүү бөлүгүндө номери, датасы, өткөрүлгөн убактысы жана орду, айылдык кеңештин чакырылган жылы, айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы саны, катышкан депутаттардын саны жана тизмеси, чакырылгандардын тизмеси (эгерде 10дон ашык адам чакырылса, чакырылгандардын тизмеси өзүнчө тиркелет), баяндамачынын фамилиясын көрсөтүү менен күн тартиби, эгер түзүлгөн болсо эсептөө комиссиясынын курамы чагылдырылат;

б) негизги бөлүгүндө сессиянын алып барууну жүрүшү, каралган маселелер, баяндама менен чыгып сүйлөгөндөр жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөр, добушка коюлган маселелер жана сунуштар, аларды кабыл алуунун жолдору; добуш берүүнүн натыйжалары жана кабыл алынган чечимдер, сессиянын жүрүшүндө берилген кошумча материалдар чагылдырылат.

31.4. Депутаттардын фамилиялары алардын фамилияларын жана аттарын, атасынын аттарынын баш тамгасын көрсөтүү менен, башка адамдардын фамилияларын, аттарын, атасынын аттарынын баш тамгасын көрсөтүү менен, кызмат ордун жана иштеген ордун, эгерде иштебеген болсо жашаган жерин көрсөтүү менен коштолот. Жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрү катышкан учурда алардын фамилиялары жана жашаган жери көрсөтүлөт.

31.5. Сессиянын протоколу сессиянын иши аяктагандан кийин 5 жумушчу күндөн кеч эмес жол-жоболоштурулат, ага айылдык кеңештин төрагасы жана жооптуу катчы тарабынан кол коюлат. Туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарынын протоколу алар аяктагандан кийин 5 жумушчу күндөн кеч эмес жол-жоболоштурулат жана комиссиянын төрагасы жана жооптуу катчы тарабынан кол коюлат.

31.6. Жабык сессиялардын материалдарын кошпогондо, жыйындардын протоколдорунун көчүрмөлөрү ачык кол жеткиликтүү болууга тийиш. Жооптуу катчы айылдык кеңештин депутаттарына жана башка кызыкдар адамдарга протоколдордун жана токтомдордун көчүрмөлөрүн берет, алар көчүрүп алууларды жүргүзөт.

31.7. Айылдык кеңештин сессияларында жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында видео-аудио жазып алуулар жүргүзүлүшү мүмкүн, алар айылдык кеңештин депутаттары үчүн жеткиликтүү болот.

31.8. Протоколдордун, видео жазып алуулардын түп нускалары жооптуу катчыда сакталат. Жыйындардын жана сессиялардын протоколдору, алардын тиркемелери айылдык кеңештин ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн аралыгында сакталат. Айылдык кеңештин

ыйгарым укуктары аякталганда сессиялардын, жыйындардын протоколдору жана алардын тиркемелери туруктуу сактоого архивге тапшырылат.

31.9. Айылдык кеңештин жабык сессиясынын материалдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жол-жоболоштурулат.

### 32. Айылдык кеңештин токтомдорунун аткарылышын көзөмөлдөө

32.1. Айылдык кеңештин ар бир токтомунда токтомдо көрсөтүлгөн талаптарды аткаруу жүктөлгөн кызмат адамы же орган, ошондой эле токтомдун аткарылышын контролдоо жүктөлгөн кызмат адамы же орган көрсөтүлөт.

32.2. Токтомдун аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат угулгандан кийин, айылдык кеңеш төмөндөгүлөргө укуктуу:

- аткарылган катары токтомду контролдон алып коюу;
- аткарылган катары токтомдун айрым пункттарын контролдон алып коюу;
- ошол токтом боюнча аткаруу мөөнөтүн жылдыруу;
- башка кызмат адамына же органга контролдоо ыйгарым укуктарын жүктөө;
- токтомду жокко чыгаруу;
- токтомго өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- кошумча токтомду кабыл алуу.

32.3. Контролдоо боюнча отчёттун мөөнөтү токтомдун өзүндө көрсөтүлөт. Айылдык кеңештин төрагасы токтомдун аткарылышы үчүн контрол жүктөлгөн кызмат адамына же органга айылдык кеңештин сессиясында анын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат берүүнү тапшырууга укуктуу.

## АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН АЙРЫМ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ТАРТИБИ

### 33. Жергиликтүү бюджетти киргизүүнүн жана бекитүүнүн тартиби

33.1. Бюджеттик процесстин ачыктыгын жана айкындыгын, жергиликтүү бюджетти түзүүгө жарандардын катышуусун жана жергиликтүү бюджетти аткаруунун натыйжалары тууралуу отчетту кароону камсыз кылуу максатында айылдык кеңештин төрагасы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы бюджеттин долбоорун ошондой эле жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча очетту бюджет боюнча айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын кароосуна киргизгенге чейин бюджет боюнча коомдук угууларды демилгелөөгө жана аны уюштурууну жана өткөрүүнү айыл өкмөт башчысына тапшырууга укуктуу.

33.2. Бюджет боюнча коомдук угуулардын натыйжалары жергиликтүү бюджеттин долбоорун жана анын аткарылышынын отчетун караган жана бекиткен учурда бюджет боюнча туруктуу комиссиялардын мүчөлөрүнө, айылдык кеңештин депутаттарына маалымат булагы катары кызмат кылат.

33.3. Айылдык кеңештин төрагасы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы айыл өкмөтүнөн, мамлекеттик салык кызматынан жана юридикалык жактардан жергиликтүү бюджеттин долбоорун өз учурунда жана сапаттуу түзүү үчүн керектүү болгон бардык маалыматтарды суратып алууга жана өзүнүн жыйындарында ошол органдардын жетекчилерин, коомдук угуулардын активдүү катышуучуларын, демилгечи топторду, коомдук бирикмелерди жана башка кызыкдар адамдарды чакырууга жана угууга укуктуу.

33.4. Жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү үчүн зарыл маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте берилет.

33.5. Бюджет боюнча туруктуу комиссия бюджеттин долбоорун алдын ала кароону жүргүзөт жана айыл өкмөтүнүн отчетун угат, коомдук угуулардын катышуучуларынан жана башка кызыкдар жактардан түшкөн сунуштарды эске алуу менен айылдык кеңештин сессиясына бюджеттин долбоору боюнча корутундусун берет.

33.6. Айылдык кеңештин сессиясында жергиликтүү коомдоштуктун жана башка кызыкдар жактардын сын-пикирлерин жана сунуштарын эске алуу менен жергиликтүү бюджеттин такталган долбоору ачык-айкын каралат, ошондой эле коомдук угуулардын натыйжалары боюнча бюджеттин аткарылышы тууралуу айыл өкмөтүнүн отчету каралат.

33.7. Тийиштүү жылга жергиликтүү бюджетти бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышы тууралуу айылдык кеңештин токтому жергиликтүү ЖМК гезити аркылуу жалпыга жайылтууга жатат жана документтердин көчүрмөсү маалымат тактайларына жайгаштырылат.

### 34. Айылдык кеңештин айыл аймактагы тургундардын элдик ченем чыгаруу демилгесин кароо

34.1. Мыйзамдардын жана жергиликтүү жамааттын уставына ылайык жарандар элдик ченем чыгаруу демилгесине ээ.

34.2. Жергиликтүү жамаат тарабынан айылдык кеңештин кароосуна киргизилген жана ушул Регламентте белгиленген тартипте жол-жоболоштурулган ченемдик укуктук актынын долбоору (токтомдун долбоору) демилгечи топтун катышуусу менен тийиштүү туруктуу комиссия тарабынан каралат.

34.3. Айылдык кеңештин кароосуна киргизилген ченемдик укуктук актынын долбоору туруктуу комиссиянын корутундусун эске алуу менен демилгечи топтун, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн катышуусунда айылдык кеңештин кезектеги же кезексиз сессиясында каралат.

34.4. Жергиликтүү жамаат тарабынан демилгеленген ченемдик укуктук актынын долбоорун кароонун жыйынтыктары боюнча кабыл алынган айылдык кеңештин чечими аны киргизген демилгечи топко, жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнө расмий жазуу түрүндө жеткирилүүгө тийиш.

### 35. Айылдык кеңештин мамлекеттик органдар менен өз ара аракети

35.1. Айылдык кеңеш Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына жана башка Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына ылайык мамлекеттик органдары менен өз ара мамилелерин жүзөгө ашырат.

35.2. Мамлекеттик органдары айылдык кеңештин компетенциясына кирген маселелерди чечүүдө кийлигишүүгө укуксуз.

35.3. Айылдык кеңеш мамлекеттик органдарынын компетенциясына кирген маселелерди чечүүдө кийлигишүүгө укуксуз.

35.4. Айыл аймактын кызыкчылыгына тийиштүү маселелер боюнча сессияга тиешелүү министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун айылдык жана райондук бөлүмдөрүнүн, айыл өкмөтүнүн жана анын түзүмдүк бөлүкторүнүн өкүлдөрү чакырылат.

35.5. Айыл аймакты өнүктүрүүнүн эң маанилүү маселелери боюнча айылдык кеңеш консультацияларды өткөрөт жана айыл өкмөтү менен өз чечимдерин жазуу түрүндө макулдашууларды жүргүзөт.

### 36. Айылдык кеңештин жарандык коомдун уюмдары менен өз ара аракети жана кызматташтыгы

36.1. Айылдык кеңеш айыл аймакты өнүктүрүүнүн маанилүү маселелерин даярдоодо жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрү менен консультацияларды өткөрөт, сунуштарын жана пикирлерин эске алат, зарыл болгон учурда аларды жумушчу топторго тартат.

36.2. Жарандык коомдун уюмдарынын окулдору жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча көтөргөн демилгелерин, кайрылууларын кылдаттык менен алардын өзүн, башка кызыкдар болгон тараптарды катыштырып талкуулайт, жакшы сунуштар боюнча маселе даярдап сессиянын кароосуна киргизет.

36.3. Сессиянын токтомдорунун долбоорун коомдук экспертизадан өткөрүү зарыл болгон учурларда жарандык коомдун уюмдарынын окулдорун бул ишке тартат.

### 37. Шайлоочулар менен иштөөнүн тартиби

37.1. Депутаттардын шайлоочулар менен иштөө тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга кайрылуу жол-жобосу, депутаттын окулчулук ишинин кепилдигинин маселелери депутаттын статусу жөнүндө мыйзам жана ушул Регламент менен аныкталат.

37.2. Айылдык кеңештин депутаттарынын шайлоочулар менен иштөөсүн камсыз кылуу үчүн айыл өкмөтү жолугушуу үчүн атайын жайларды бөлүп берет.

37.3. Айылдык кеңеш, анын Аппараты, айылдык кеңештин (штат болбосо айыл өкмөтүнүн) жооптуу катчысы сессиялардын ортосундагы мезгилде шайлоочулар менен ишти төмөнкүдөй уюштурат:

- шайлоочуларды кабыл алуу;
- арыздарды, кайрылууларды, сунуштарды кароо;
- шайлоочулар менен жолугушууларды, тегерек үстөлдөрдү, ачык эшиктер күндөрүн жана башка иш-чараларды өткөрүү;
- шайлоочулардын арыздары боюнча мамлекеттик органдарга, айыл өкмөткө депутаттык суроо-талаптарды жиберүү.

37.4. Аппараттын тиешелүү кызматкерлери, жооптуу катчы жыл сайын айылдык кеңештин депутаттарынын шайлоочулар менен иштөөсүнө сапаттык жана сандык талдоо жүргүзөт. Шайлоочулар менен иштөөнүн ар жылкы талдоосу айылдык кеңештин сессияларында депутаттар тарабынан каралат.

### 38. Айылдык кеңештин ишмердүүлүгүнүн айкындуулугу

38.1. Айылдык кеңештин ишмердүүлүгүнүн айкындуулугу, маалыматтардын жарандарга жеткиликтүүлүгү айылдык кеңештин ишине коюлган талап болуп эсептелет.

38.2. Айылдык кеңештин ишин чагылдыруу сессияларды жана жыйналыштарды телекөрсөтүү жана радио уктуруу, башка мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттары, социалдык түйүндөр аркылуу берүү жолу менен, ошондой эле айылдык кеңештин сайты аркылуу камсыз кылынат.

38.3. Айылдык кеңештин сессияларын, туруктуу комиссиялардын жыйындарын видео-сүрөткө тартуу, ошондой эле үндөрдү жаздырып алуу белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

### 39. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы

39.1. Айылдык кеңештин ишин уюштуруучулук жактан айылдык кеңештин (штат болбосо айыл өкмөтүнүн) жооптуу катчысы камсыз кылат.

39.2. Жооптуу катчы айылдык кеңештин ишин уюштуруу жагынан камсыз кылуу боюнча иштерди координациялайт, туруктуу (убактылуу) комиссияларга жана депутаттарга жардам көрсөтөт. Сессияларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн керектүү материалдарды даярдоону камсыз кылат.

39.3. Жооптуу катчы айылдык кеңештин жана анын органдарынын ишин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- айылдык кеңештин токтомдорун каттоону жүргүзөт (каттоо журналында);
- айылдык кеңешке келип түшкөн каттарды кабыл алат жана каттайт, төраганын резолюциясына жараша каттарды аткаруучуга өткөрүп берет;

- сессияларга материалдарды, анын ичинде токтом долбоорлорун жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын корутундуларынын долбоорлорун даярдоо боюнча ишти уюштурат;

- айылдык кеңештин жана туруктуу комиссиялардын иш пландарынын долбоорун иштеп чыгууга жана бекитилгенден кийин алардын өз учурунда аткарылышына көмөктөшөт;

- сессияларды, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарын чакыруу жөнүндө айылдык кеңештин депутаттарын маалымдайт;

- сессиялардын протоколдорун жүргүзөт, сессияларда, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында депутаттарды каттоону жүргүзөт;

- чакырылган адамдарды, ачык сессияларга, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарына каттоону жүргүзөт;

- иш кагаздарын, анын ичинде келүүчүлөрдү кабыл алуу журналын, депутаттарга кайрылган жарандардын кайрылууларын каттоону жүргүзөт;

- айылдык кеңештин токтомдорун долбоорун даярдоого көмөк көрсөтөт жана жол-жоболоштурат, аларды (күчүнө киргизүүгө) жарыялоону, каттоону, айылдык кеңештин депутаттарына, тийиштү адамдарга, уюмдарга жана аткаруучуларга таратууну уюштурат;

- расмий жарыялангандан кийин айылдык кеңештин токтомунун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылардын Реестрине кошуу үчүн Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтөт;

- айылдык кеңештин документтерин, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын документтерин кошуп алганда, сактоону, системага салууну жана тийиштүү абалда кармоону камсыз кылат;

- туруктуу, убактылуу комиссияларга уюштуруучулук жагынан көмөк көрсөтөт;

- башка ченемдик укуктук актыларга, ушул Регламентке ылайык жана төраганын тапшырмасы боюнча башка иш-милдеттерди жүзөгө ашырат.

- мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү укуктук ченемдик актылардын аткарылышын камсыздайт

**40. Регламентке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби**

40.1. Айылдык кеңештин Регламентинин жаңы редакциясы, ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен сессияда кабыл алынат.

40.2. Регламентке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу депутаттар, туруктуу комиссиялар тарабынан демилгеленген сунуштар тийиштүү туруктуу комиссияларда каралгандан кийин сессиясынын күн тартибине киргизилет жана сессияда каралат.

40.3. Регламенттин жоболорун түшүндүрүү жана анын сакталышына көзөмөл жүргүзүү айылдык кеңештин туруктуу комиссияларынын бирине жүктөлөт. Регламенттин жоболорун түшүндүрүү айылдык кеңештин сессиясында берилет.

40.4. Бул Регламентте текшелбеген маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынат.

**Айылдык кеңештин төрагасы** **Т. Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ЧОҢ-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 17-декабрь № 20 — Манас айылы

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин иш планын бекитүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин 2024- жылга карата түзүлгөн иш планын карап чыгып, талкуулап Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2 сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чоң-Алыш айыл кеңешинин 2025-жылга карата иш планы бекитилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин 2025-жылга Типтүү иш планы**

| п/н | Айылдык кеңештин сессиясында каралуучу маселенин аталышы | Сессия өтчү күн | Каралуучу маселелер тууралуу кыскача маалымат | Жооптуу адам, аткаруучу (*адис, мекеменин, уюмдун жетекчиси*) | Бул маселе боюнча жооптуу айылдык кеңештин туруктуу комиссиясы | Жарандардын ЖӨБгө катышуусунун формасы («ЖӨБ жөнүндө» КР Мыйзамынын 19,61,63-беренелери) | Маселени карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча АК кабыл алган чечим (токтом, токтом); |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **I квартал** | | | | |
| 1. | Инвестицияларды жана гранттарды тартуу | Январь | Инвестицияларды жана гранттарды тартуу жаатында эл аралык долбоордук уюмдар, донорлор, демөөрчүлөр менен жүргүзүлгөн иштер боюнча АО башчысынын (бейөкмөт уюмдардын, коомдук уюмдардын, демилгелүү топтордун, жамааттардын макулдашуу боюнча) маалыматын угуу. Зарыл болгон учурда мониторинг жана баалоо тобунун ишинин жыйынтыктарын угуу. | АО башчысы, бейөкмөт уюмдардын, коомдук уюмдардын жетекчилери (макулдашуу боюнча) жана башка кызыкдар адамдар. | Чоң-Алыш АК (инвестициялар жана гранттар маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын, жарандык коомдун, бизнес коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун, донорлордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, АК ачык сессияларына катышуусу. | Маселени карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча айылдык кеңеш токтом кабыл алат. Күчүнө кириши үчүн айылдык кеңештин токтому (кабыл алынган учурда) жарыяланат жана ал ЧУАнын мамлекеттик реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2. | Жайыт жерлерин натыйжалуу пайдалануу маселесин кароо | Февраль | 2025-жылга жайыттарды пайдалануунун жылдык планынын аткарылышы боюнча жайыт комитетинин отчетун угуу. Агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасын угуу.<br>Төмөнкүлөр каралат жана бекитилет (зарыл болгон учурда):<br>- Жайыт пайдалануу үчүн акыны өндүрүү тартиби жөнүндө жобо;<br>- 2025-жылга жайыттарды пайдалануунун жылдык планы;<br>- Малдын башына жана түрүнө жараша жайыт жерлерин пайдалануу укугу үчүн акынын өлчөмү;<br>- жайыт жерлерин башка максаттарда пайдалануу үчүн акынын көлөмү. | Жайыт комитетинин төрагасы, АО башчысы (же башчынын орун басары) | Чон-Алыш АК (агрардык жана жер маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт). | Жарандардын, жайыт пайдалануучулардын жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга АК сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңештин токтомун кабыл алуу жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| 3. | 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу<br><br>АӨ башчысынын отчету | Февраль | Айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу АО башчысынын отчетун угуу.<br><br>АӨ башчысынын отчету тууралуу туруктуу комиссиянын корутундусун угуу. Айылдык кеңештин жооптуу туруктуу комиссиясынын корутундусун, АК депутаттарынын пикирлерин жана сунуштарын эске алуу менен АО башчысынын отчетун бекитүү же башка чечим кабыл алуу. | АО башчысы | Чон-Алыш АК боюнча жооптуу туруктуу комиссия (айылдык кеңештин төрагасынын резолюциясы боюнча аныкталган комиссия сессияда туруктуу комиссиянын корутундусу тууралуу баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын, бизнес коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, АК ачык сессияларына катышуусу. | 2024 жыл үчүн АО башчысынын отчетун кабыл алуу. Айылдык кеңештин тескемесин кабыл алуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. | АЖМФ жерлерин натыйжалуу пайдаланууу маселесин кароо | Февраль | Келечекке пландын аткарылышы. АЖМФ жерлери үчүн ижара акынын түшүүсү жана пайдаланылышы тууралуу АӨ башчысынын отчетун угуу.<br>Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасын угуу.<br>АЖМФ жерлерин экономикалык жагымдуу жерлердин аймагынан түз берүү менен АА аймагында жашаган социалдык багыттагы субъектилердин жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жана жарандардын тизмесин карап чыгуу жана бекитүү (зарыл болгон учурда).<br>АЖМФ жерлери боюнча Жер комиссиясынын курамын жана иш регламентин бекитүү (зарыл болгон учурда). Жеке жана юридикалык жактарга ижарага берилген АЖМФ жер участокторунун ижара акысын жана көлөмүн өзгөртүү.<br>АЖМФ жерлерин колдонуу үчүн ижара төлөмүнүн суммасынан жерлерди жакшыртуу боюнча иш-чараларды аткарууга багытталган каражаттын көлөмүн бекитүү (зарыл болгон учурда). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| АО башчысы, АЖМФ жерлери боюнча жер комиссиясынын төрагасы | Чоң-Алыш АК (агрардык жана жер маселелери боюнча) жоопту туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт). | Жарандардын, бизнес коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун окулдорунун жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, АК ачык сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңештин токтомун кабыл алуу, жарыялоо жана аны ЧУ Алыш Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | Муниципалдык менчикти башкаруу | Февраль | Муниципалдык менчикти башкаруу маселелери боюнча АӨ башчысын угуу.<br>Күчүнө кирген үчүн айылдык кеңештин токтому жарыяланат жана ал ЧУАнын мамлекеттик реестрине кошулат.<br>Муниципалдык менчикти башкаруу маселелери боюнча АӨ башчысын угуу.<br>Бул маселе боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуу.<br>Төмөнкү долбоорлорду кароо жана бекитүү (зарыл болгон учурда):<br>- Муниципалдык менчиктеги объектерди менчиктештирүү программасын;<br>- Муниципалдык менчиктеги объектерди пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону;<br>- Электрондук форматтагы муниципалдык менчиктеги объекттерди менчиктештирүү программаларын;<br>- Электрондук форматтагы муниципалдык менчиктеги объектерди пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону,<br>- Муниципалдык менчикти каменталдандыруу жана тизмеден чыгарып салуу тартиби жөнүндө жобону ж.б.<br>Муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдаланган башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга тарифтерди бекитүү (зарыл болгон учурда). |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| АО башчысы (же АО башчысынын орун басары) | Чоң-Алыш АК (муниципалдык менчик маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын, бизнес коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, АК ачык сессияларына катышуусу | Айылдык кеңештин токтомун кабыл алуу жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине коюу. | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6. | Жазгы талаа иштерине даярдык, коомдук пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, көчө жарыгынын абалы тууралуу | Февраль | Туруктуу комиссиянын отчетун угуу, АӨ иш-чаралар пландары жөнүндө АӨ башчысынын орун басарынын (муниципалдык ишкананын жетекчисинин) маалыматын угуу:<br>- жазгы талаа иштерине даярдануу боюнча,<br>- жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча;<br>- көчө жарыктарынын абалы жөнүндө,<br>- жергиликтүү бюджеттин каражаттары, жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүүгө жана жашылдандырууга, жарык орнотууга багытталган гранттар, инвестициялар, демөөрчүлүк жана башка каражаттар боюнча.<br>Ишембилик өткөрүү, сугат жерлерин тазалоо, калктуу конуштарга көчөттөрдү отургузуу ж.б. графиктери менен таанышуу. | АӨ башчысы, АӨ башчысынын орун басары (МИ жетекчиси) | Чоң-Алыш АК (агрардык, жер маселелери, ТКЧ боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, АК сессияларына катышуусу, МжБнын жыйынтыктары. | Айылдык кеңеш токтом кабыл алат |
| 7. | Тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматты угуу | Март | Тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматты угуу<br>- АӨ башчысынын (АӨ башчысынын орун басарынын, ТКЧ боюнча АӨ адисинин, МИ жетекчисинин), айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусу.<br>Жергиликтүү бюджетте каражат болсо, каржылоо маселесин карап чыгуу.<br>Таштандыны жыйноо, ташып кетүү үчүн тарифти карап чыгып, бекитүү | АӨ башчысы (АӨ башчысынын орун басары, ТКЧ боюнча АӨ адиси, МИ жетекчиси), айыл башчы. | Чоң-Алыш АК (агрардык жана жер маселелери, ТКЧ боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга айылдык кеңештин сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңештин токтомун кабыл алуу, жарыялоо жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| II квартал | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| [illegible] | Коомдук тартипти сактоонун абалы | Апрель | Коомдук тартипти коргоо жана мыйзам бузууларды болтурбоо маселелери боюнча 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөрдүн маалыматын угуу:<br>АО башчысын (АО башчы),<br>- Ички иштер бөлүмүнүн округун (участкалык милициянын- макулдашуу боюнча),<br>- аксакалдар сотунун төрагасын,<br>- укук бузуулар боюнча ЖӨБО комиссиясынын төрагасын;<br>- бойго жете электердин иши боюнча комиссиянын төрагасын (макулдашуу боюнча).<br>Коомдук профилактикалык борбордун төрагасы (ОПЦ),<br>- билим берүү мекемелеринин (мектептер, лицейлер, ПТУ, ЖОЖдор) жетекчилерин (макулдашуу боюнча):<br>- Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасын,<br>ААнын аймагында тартип бузууларды болтурбоо тууралуу программалардын долбоорлорун карап чыгуу жана бекитуу. | АО башчысы (АО башчысынын орун басары) ИИБ жетекчиси (участкалык милиция), тартип бузуулар боюнча комиссиянын төрагасы, айыл башчы, аксакалдар сотунун төрагасы, бойго жете электердин иши боюнча комиссиянын төрагасы, элдик кошуундун төрагасы ж.б. | Чоң-Алыш АК (коомдук тартипти коргоо маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, айылдык кеңештин сессияларына катышуусу. | Маалыматты уккандан кийин айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат, коомдук тартипти коргоого жана укук бузууларды болтурбоого багытталган тийиштүү чараларды кабыл алуу боюнча сунуштар берилет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9. | Калктуу конуштарды ичүүчү жана сугат суу менен жабдуу (таза суу системасын, ирригация системасынын, канализациянын, тазалоочу курулмалардын ишин камсыз кылуу) | Апрель | 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча элди ичүүчү жана сугат суу, ирригация системасынын, канализациянын, тазалоочу курулмалардын ишин камсыз кылуу маселелери боюнча маалымат угуу:<br>- АО башчысы (же АО башчысынын орун басары).<br>- калкты ичүүчү менен камсыз кылуу, калктуу конуштун ички ирригациясын, канализация системасынын жана тазалоочу курулмалардын ишин камсыз кылуу боюнча муниципалдык ишкананын жетекчисин;<br>- айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасы.<br>Калктын суупуштарын эсепке алуу менен ичүүчү сууга, сугат сууга жана сууну тазалоо тарифти карап чыгуу жана бекитүү.<br>Муниципалдык менчикте турган жана муниципалдык ишканага башкарууга өткөрүлүп берилген ичүүчү суу менен жабдуу системасын жыл сайын оңдоо үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат караштыруу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| АО башчы (же АО башчысынын орун басары), муниципалдык ишкананын жетекчиси | Чоң Алай АК (ТКЧ маселелери боюнча) туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, АК сессияларына катышуусу | Айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Айылдык кеңештин [illegible] жарыяланат (ЧУА кабыл алынган учурда) жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10. | Дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу, спорттук курулмалардын иштешин камсыз кылуу | Апрель | Дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу боюнча маалыматты угуу:<br>- АӨ башчысынын,<br>- билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин (макулдашуу боюнча);<br>- айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасынын.<br>Жергиликтүү бюджетте каражат бөлүү каржылоо маселесин карап чыгуу.<br>Спорттун улуттук жана башка түрлөрүн, ошондой эле ААнын аймагында массалык спортту өнүктүрүү жана өнүктүрүү программаларын карап чыгуу жана бекитүү.<br>Массалык жана спорттун башка түрлөрү боюнча иш-чараларды өткөрүү графигин карап чыгуу. | АӨ башчы (же АӨ башчысынын орун басары), айыл башчы, билим берүү мекемелеринин жетекчилери(макулдашуу боюнча). | Чоң-Алыш АК (социалдык маселелер, спорт жана дене тарбиясы боюнча) жоопту туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, АК сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат (ЧУА кабыл алынган учурда) жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |
| 11. | 2025-жылга аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоону камсыз кылуу | Май | Айылдык кеңештин жооптуу туруктуу комиссиясынын корутундусун, АК депутаттарынын пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен, 2025-жылга аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программасын кароо жана бекитүү | АӨ башчысы, АӨ башчысынын орун басары, ФЭБ башчысы ж.б. | Чоң-Алыш АК (социалдык маселелер боюнча) жоопту туруктуу комиссия өзүнүн бардык корутундуларын жалпылаштырат жана айылдык кеңештин сессиясында биргелүү корутунду катары баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын, БОУ, коомдук уюмдарынын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, АК сессияларына катышуусу. | 2025-жылга АСЭӨ жана калкты социалдык жактан коргоонун Программасын бекитүү жөнүндө АК токтому кабыл алынат, жарыяланат, күчүнө кирет, ЧУА Реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 12. | Ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу, муниципалдык жерлердин, парктардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу | Май | Ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн, муниципалдык жерлердин, парктардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылууга багытталган чараларды жүзөгө ашыруу боюнча төмөнкүлөрдүн маалыматын угуу:<br>АӨ башчысынын (же АӨ башчысынын орун басарынын, МИ жетекчисинин)<br>Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусун.<br>Жергиликтүү бюджетте каражат болгондо каржылоо маселесин караштыруу.<br>Бул маселелерди демөөрчүлөрдүн каражатынын, инвестицияларын, гранттардын ж.б. жардамы менен чечүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу. | АӨ башчы (же АӨ башчысынын орун басары, МИ жетекчиси) | Чоң-Алыш АК (ТКЧ боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (токтомунун) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, АК сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат (ЧУА кабыл алынган учурда) жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |
| 13. | Айылдык кеңештин депутаттары өз округундагы шайлоочуларга отчет беришет. шайлоочулардын суроо талаптарын аткарышат | Май | Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча иш-чаралардын Планын жана графигин карап, бекитүү.<br>АӨ башчысына, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилерине шайлоочулар менен жолугушууну графикке жана Иш-чаралар планына ылайык уюштуруу, жолугушууларды өткөрүү үчүн жайларды бөлүп берүү, шайлоочуларга жолугушуу өтчү убактысы жана орду жөнүндө кабар берүү, ошондой эле депутатка шайлоо округунда отчет берүүгө көмөкчү болгон башка чараларды көрүү. | АӨ башчысы, этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы | Чоң-Алыш АК (этика, мандат боюнча) туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча иш-чараларына, АК сессияларына катышуусу. | Шайлоочулардан түшкөн сунуштарды, даттанууларды жана арыздарды эске алуу менен айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча айылдык кеңештин этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуу.<br>Шайлоочулардан түшкөн сунуштар, даттануулар жана арыздар боюнча тийиштүү сунуштамаларды жана чечимдерди талкуулоо жана кабыл алуу. | |
| **III квартал** | | | | |
| 14. | 2025-жылдын алты айынын жыйынтыгы боюнча айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу АӨ башчынын отчету | Июль | АӨ башчысынын айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, өнүгүү программасынын жана планынын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар планы) аткарылышы тууралуу биринчи жыл үчүн АӨ башчынын отчетун угуу. Биринчи жыл үчүн АӨ башчысынын отчету тууралуу туруктуу комиссиянын корутундусун угуу. АКтын жооптуу туруктуу комиссиясынын корутундусун. АК депутаттарынын пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен АӨ башчысынын отчетун бекитүү же башка чечим кабыл алуу. | АӨ башчысы |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| Чоң-Алыш АК (АК төрагасынын резолюциясы менен аныкталган) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн көрүлүүсү боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, АК сессияларына катышуусу. | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы үчүн АО отчетун кабыл алуу, АК токтомун (тескемесин кабыл алуу), жарыялоо, күчүнө киргизүү, ЧУА Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 15. | Күз-кыш мезгилине даярдык тууралуу | Июль | Күз-кыш мезгилине даярдык көрүү маселелери боюнча маалымат угуу:<br>АӨ башчысы (АӨ башчысынын орун басары),<br>тийиштүү мекемелердин жетекчилери;<br>- АК туруктуу комиссиясынын төрагасы.<br>Жылытуучу материалдарды сатып алуу жана муну каржылоо маселесин кароо жана талкуулоо. | АӨ башчысы (же АӨ башчысынын орун басары), мекемелердин жетекчилери | Чоң-Алыш АК (ГКЧ жана муниципалдык менчик маселелери боюнча) жоопкерчилиги туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга АК сессияларына катышуусу. | АК токтом (тескеме) кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |
| 16. | Жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрүн, клубдарын, музейлеринин ишин уюштуруу жана камсыз кылуу, жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо | Июль | Жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрүн, клубдарын, музейлеринин ишин, жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды (эстеликтерди) коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо боюнча маалыматты угуу:<br>- АӨ башчысын (АӨ башчысынын орун басарын, китепканачыларын, маданий кызматкерлерин, музей кызматкерлерин).<br>- АК туруктуу комиссиясынын төрагасын.<br>Бул жааттагы ишти жакшыртуу боюнча тийиштүү сунуштамаларды жана сунуштарды карап чыгуу, талкуулоо жана кабыл алуу. | АӨ башчысы (же АӨ башчысынын орун басары) | Чоң-Алыш АК (социалдык маселелер боюнча) жоопкерчилиги туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга, курултайларга АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 17. | Элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү, балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу | Июнь | АӨ башчысынын жаштар комитетинин, төмөнкү маселелер боюнча комиссиясынын маалыматын угуу:<br>- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү;<br>- бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу;<br>- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;<br>- ААнын аймагында балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;<br>- балдар укугун бузуу учурларын аныктоо жана укугу бузулган балдарга юридикалык жардам берүү<br>Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусун угуу.<br>Социалдык маселелер боюнча комиссиянын Жобосун карап чыгуу жана бекитүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| АӨ башчысы (АО башчысынын орун басары, соц.жана жаштар маселелери боюнча адис), социалдык маселелер боюнча комиссиянын төрагасы, жаштар комитетинин төрагасы | Чоң-Алыш АК (социалдык маселелер боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (токтомунун) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга АК сессияларына катышуусу, МЖБнын жыйынтыктары | Тийиштүү сунуштамалары жана тапшырмалары берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 18. | Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП) эсепке алуу менен 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун алдын-ала карап чыгуу жана макулдашуу. Бюджет боюнча коомдук угуулардын катышуучуларынан түшкөн сунуштарды карап чыгуу | Август | Коомдук бюджеттик угуулардан жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджеттин долбоорун төмөнкүлөрдөн утуу<br>- АӨ башчысынан (АӨ ФЭБ башчысынан),<br>- АК туруктуу комиссиясынын төрагасынан,<br>- башка кызыкдар адамдардан<br>Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар планы). жергиликтүү жамааттын сунуштары менен, пикирлерин эсепке алып, жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча пикирлерин жана сунуштарын берет.<br>Маселени кароонун жыйынтыгы боюнча бюджеттин долбоорун жактырат же толук иштеп чыгууга жөнөтөт. | АӨ башчысы, ФЭБ башчысы | Чоң-Алыш АК (бюджет боюнча) туруктуу комиссия сессияда өзүнүн көрүнүүсү боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, АК сессияларына катышуусу. | АК жергиликтүү бюджеттин долбоорун жактыруу тууралуу токтом кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |

## IV квартал

| | | | |
|---|---|---|---|
| 19. | Жер пайдалануу жана архитектура ченемдери, жер казынасы маселелерин кароо | Октябрь | Жер пайдалануу жана архитектура ченемдерин сактоо, жер казынасы маселелери боюнча төмөнкүлөрдүн маалыматын угуу:<br>АӨ башчысынын, архитектура жана мамкаттоонун өкүлдөрүнүн (макулдашуу боюнча).<br>АК туруктуу комиссиясынын корутундусун угуу.<br>Төмөнкүлөр каралат жана бекитилет (зарыл болгон учурда):<br>- Муниципалдык менчиктеги жер участокторуна менчик же ижара укуктарын акынын негизинде берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жобо<br>- Муниципалдык менчиктеги жер участокторун менчикке же ижарага берүү боюнча комиссиянын курамы;<br>- Жеке турак үй үчүн жер участокторун бөлүп берүү боюнча комиссиянын жобосу;<br>- Жеке турак үй үчүн жер участокторун бөлүп берүү боюнча комиссиянын курамы.<br>Калктуу конуштардын башкы планын түзүү, муниципалдык жерлерге күбөлөндүрүүчү документтерди (мамлекеттик күбөлүктөрдү) аныктоо жана алуу маселелерин каржылоо мүмкүнчүлүгүн кароо жана талкуулоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| АӨ башчысы (башчынын орун басары). АӨгө караштуу жер комиссияларынын төрагалары, архитектура жана мамкаттоонун өкүлдөрү (макулдашуу боюнча). | Чоң-Алыш АК (жер маселелери жана муниципалдык менчик боюнча) жоопту туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине коюу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 20. | Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана анын кесепеттерин жоюуга даярдык тууралуу | Октябрь | Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана анын кесепеттерин жоюу боюнча АӨ даярдаган иш-чаралар Планын карап чыгуу жана бекитүү.<br>Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана анын кесепеттерин жоюу тууралуу иш-чаралар планын аткарылышы боюнча АӨ башчысынын (башчынын орун басарынын) маалыматын угуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| АО башчысы (башчынын орун басары) | Чоң-Алыш АК (өзгөчө кырдаал маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн көрүлүшү боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, жыйындарга, курултайларга, АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 21 | Мамлекеттик буйрутманын жана ведомстволук окутуунун алкагында саясий муниципалдык кызматтардагы муниципалдык кызматкерлердин (АӨ башчы, АК төрагасы, депутаттар) квалификацияларын жогорулатуу тууралуу | Октябрь | КР "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" мыйзамынын 28-беренесинин талаптарын аткаруунун алкагында төмөнкүлөрдү кароо жана бекитүү:<br>- АӨ тарабынан даярдалган саясий муниципалдык кызматтардагы муниципалдык кызматкерлерди (АӨ башчы, АК төрагасы, депутаттар) кайра даярдоо жана квалификацияларын жогорулатуу боюнча окутуу Планын;<br>- саясий муниципалдык кызматтардагы муниципалдык кызматкерлердин (АӨ башчы, АК төрагасы, депутаттар) ведомстволук окутуу Планын.<br>АӨ башчысынын (АӨ башчысынын орун басарын) жогорудагы Пландарды аткаруусун угуу.<br>Жергиликтүү бюджеттен окутуу Пландарына каражат бөлүү маселелерин кароо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| АО башчысы (башчынын орун басары), билим берүү жана соц. маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы | Чоң-Алыш АК (билим берүү жана соц. маселелер боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн көрүүндүсү боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (токтомунун) (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 22. | Мыйзамдын жана/же ЧУА негизинде мамлекеттик органдардан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды АӨнүн аткаруусу | Октябрь | Мыйзамдын жана/же ЧУА негизинде мамлекеттик органдар өткөрүп берген ыйгарым укуктарды кандай аткаргандыгы тууралуу АӨ башчысынын маалыматын угуу.<br>АКтын туруктуу комиссиясынын корутундусун угуу.<br>Зарыл болгон учурда, ыйгарым укуктарды материалдык-финансылык, методикалык жактан камсыз кылуунун шарттарын, айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖОБ органдарына өткөрүп берүү жөнүндө шарттарын карап чыгуу, мыйзамдарда белгиленген тартипте тиешелүү мамлекеттик органдарга сунуштарды жана сунуштамаларды берүү | АӨ башчысы | Чоң-Алыш АК (өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар маселелери боюнча) жоопту туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (токмесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (токмөсүн) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| 23. | АКтын депутаттарынын, АӨ кызматкерлеринин, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышкан жана айылдык аймактын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон жарандардын ишине баа берип, жылдын аягында аларды сыйлоо | Ноябрь | АКтын жигердүү, көрүнүктүү депутаттарына, АӨнүн адистерине, ААнын жашоочуларына айылдык аймактын өнүгүүсүнө кошкон олуттуу салымы үчүн жылдын жыйынтыгы боюнча муниципалдык сыйлыктарды тапшыруу, аларды мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү маселелери боюнча АӨнүн башчысын (АӨнүн башчысынын орун басарын). АКтын туруктуу комиссиясынын төрагасын угуу. | АӨнүн башчысы, АК төрагасы (АК төрагасынын орун басарлары), туруктуу комиссиянын төрагалары. | Чоң-Алыш АК (этика жана мандат боюнча) туруктуу комиссия өзүнүн корутундусу боюнча сессияда баяндама жасайт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын айылдык кеңештин сессияларына катышуусу, МжБнын жыйынтыктары. | Сыйлоо тууралуу айылдык кеңештин токтомун (токмесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 24. | Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар Планы) эсепке алуу менен 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин такталган долбоорун бекитүү. | Декабрь | Такталган жергиликтүү бюджеттин долбоорун угуу:<br>- АӨ башчысын (АӨнүн ФЭБ башчысын),<br>- АКтын туруктуу комиссиясынын төрагасы,<br>- башка кызыкдар адамдардын өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар Планы) эсепке алуу менен жергиликтүү бюджеттин долбооруна өзүнүн, жергиликтүү жамааттын пикирлерин жана сунуштарын киргизет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| АӨ башчысы, ФЭБ жетекчиси | Чоң-Алыш АК (бюджет боюнча) жоопту туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, айылдык кеңештин сессияларына катышуусу. | Такталган жергиликтүү бюджеттин долбоорун жактыруу тууралуу айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 25. | Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары кийинки жылга иш планын бекитишет | Декабрь | 2025-жылга иш пландарынын аткарылышы жана иштин жыйынтыгы боюнча туруктуу комиссиялардын төрагаларынын отчетторун угуу.<br>Айылдык кеңештин токтомдорунун, тескемелеринин аткарылышына анализ жасоо, аткарылган тапшырмаларды көзөмөлдөн алып салуу.<br>АКтын төрагасынын орун басарынын АКтын туруктуу комиссияларынын иши жана жылдын аягында өз милдеттерин талаптагыдай аткаруусу жөнүндө маалыматын угуу.<br>2025-жылга айылдык кеңештин иш планын талкуулоо жана бекитүү. 2025-жылга иш пландарынын долбоорлору боюнча АК туруктуу комиссияларынын төрагаларын угуу жана аларды бекитүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| АК төрагасынын орун басары, АК туруктуу комиссиясынын төрагалары, АКтын жооптуу катчысы | АКтын төрагасынын орун басары, туруктуу комиссияларынын төрагалары, АКтын жооптуу туруктуу комиссиясы аталган маселе боюнча АК сессиясында баяндама жасашат. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын айылдык кеңештин сессияларына катышуусу | Туруктуу комиссияларынын отчетторун бекитүү жөнүндө АКтын токтомун (тескемесин), 2026-жылга АКтын иш Планын, 2026-жылга туруктуу комиссияларынын иш пландарын кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ЧОҢ-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясынын токтому

2024-жылдын 17-декабрь № 21 Манас айылы

**Чат-Базар айылындагы Ак мечиттин атын "Баетов Сатылган ажы" атына которуу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылында жайгашкан Ак мечиттин атын Чат-Базар айылынын тургуну мархум "Баетов Сатылган ажы" атына которуу боюнча талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2 сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Чат-Базар айылында жайгашкан мечит "Баетов Сатылган ажы" атындагы мечити болуп аталсын.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

Төрага Т.Бейшеналиев

| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 17-декабрь № 22 Манас айылы

**Чат-Базар айылына салынуучу күрөш залы жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылына салынуучу күрөш залга өздүк салым бөлүп берүү боюнча карап талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2 сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чат-Базар айылына салынуучу күрөш залга 3 000 000 сом өздүк салым айыл өкмөтүнүн бюджетинен бөлүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Кочорбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Торага** **Т.Бейшеналиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 17-декабрь № 23 Манас айылы

**Абакиров Бакыт Чырбановичке Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына көрсөтүү боюнча талкуулап, карап чыгып Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын XIII чакырылышынын айылдык кеңештин депутаты Абакиров Бакыт Чырбановичтин үзүрлүү эмгегин баалап, Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын.

2. Тиешелүү иш кагаздарын берүү жагы айыл өкмөт башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 17-декабрь № 24 Манас айылы

**XVII Кыргызстандын ачык биринчилигине катышуу жөнүндө**

2025-жылы Бишкек шаарында өтүлүүчү XVII Кыргызстандын ачык биринчилигине үч турдан турган волейбол оюнуна Чоң-Алыш волейбол клубунун оюнчулары катышууга взносун төлөп берүү жөнүндө талкуулап, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2 сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2025-жылы Бишкек шаарында өтүлүүчү XVII Кыргызстандын ачык биринчилигине үч турдан турган волейбол оюнуна Чоң-Алыш волейбол клубунун оюнчулары катышууга, взносу үчүн 40 000 сом төлөнүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ЧОҢ-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 17-декабрь № 25 — Манас айылы

**Мурадилов Тилек Мурадиловичке Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына көрсөтүү боюнча талкуулап, карап чыгып Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын тургуну Мурадилов Тилек Мурадиловичтин коомдогу кайрымдуулук иштерди активдүү уюштурган эмгегин баалап, Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын.

2. Тиешелүү иш кагаздарын берүү жагы айыл өкмөт башчысы А. Көчорбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 17-декабрь № 26 — Манас айылы

**Жыл жыйынтыгы жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык кеңеши жана айыл өкмөтү жылдын жыйынтыгы боюнча карап, талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2 сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык кеңеши жана айыл өкмөтү жылдын жыйынтыгы менен айыл аймакта жайгашкан билим берүү, бала бакча, саламаттыкты сактоо, дене тарбия мекемелеринин өзгөчөлөнгөн кызматкерлери, айылдык кеңештин XIII чакырылышынын депутаттары, ошондой эле айыл аймактын активистери айылдык кеңештин жана айыл өкмөтүнүн сыйлыктарына көрсөтүлсүн.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз 2-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 17-декабрь № 27 Манас айылы

**2025-2027-жылдар мезгилинде Чоң-Алыш айыл аймагынын социалдык – экономикалык өнүктүрүүнүн программасын жана иш чара планын бекитүү жөнүндө**

2025-2027-жылдар мезгилинде Чоң-Алыш айыл аймагынын социалдык – экономикалык өнүктүрүүнүн программасын жана иш чара планын бекитүү жөнүндө талкуулап карап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз **2 сессиясы:**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2025-2027-жылдар мезгилинде Чоң-Алыш айыл аймагынын социалдык экономикалык өнүктүрүүнүн программасын жана иш чара планы бекитилсин.
2. 2025-2027-жылдар мезгилинде Чоң-Алыш айыл аймагынын социалдык экономикалык өнүктүрүүнүн программасы жана иш чара планы боюнча иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысы А. Көчөрбаевке милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага:** **Т. Бейшеналиев**

**Бекитемин**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин төрагасы**

**_____________ Т.Бейшеналиев**

**Талас районунун Чон-Алыш айыл аймагынын 2025-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы.**

| 1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ | |
|---|---|
| Географиялык абал | Айыл аймагынын географиялык жайгашуусу : Талас облусу, Талас району, Чон-Алыш айыл өкмөтү, Талас районунун чыгыш-түндүк багыты. Райондун борборунан алыстыгы 35 км, облустун борборуна чейин 30 км, жакынкы темир жолго чейин алыстыгы 130 км, жалпы аянты 45184кв.м. Деңиз деңгээлинен бийиктиги 1150 м. АТР дин алкагында мурунку Кара-Суу жана Өмүралиев айыл аймактары биригип 2024-жылы Борбору **Манас** айылы Чон-Алыш айыл өкмөтү болуп которулган. Айыл аймагын Кара-Суу , Манас жана Чат-Базар айылдары түзөт |
| Жалпы аянты (Га) | 45184га |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Климаттык шарты мелүүн континенталдуу, бийик тоолу , деңиз деңгээлинен 44 метр бийиктикте жайгашкан. Кескин континенттик климат айыл чарбасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Кыш мезгили 4айга созулат жана катуу кар менен коштолот, минималдуу төмөнкү температура 20ºС жетиши мүмкүн. Жай мезгилинде температура 35ºС чейин жетиши мүмкүн. Жайында орточо температура 28 ºС, кышында 15ºС. Жаз кеч келет. Биздин кооз жаратылышыбыздын, таза абабыздын, тунук сууларыбыздын, бийик тоолордогу, бийик аскалуу тоолорубуздун жана зоодогу байыркы көчмөндөрдүн баалуулуктары, үрп-адаттары жылдан-жылга сакталып келген элибиздин меймандостугу баалашат |
| АА калкы (адам), айлдардын саны: анын ичинде (айылдарда): | 9430 адам, анын ичинде айлдардын саны 4352 адам |
| Манас (АА борбору)4577 | 4577 |
| с. Чат-Базар айылы 1257 | 1257 |
| с. Кара-Суу айылы 3595 | 3595 |
| СЭӨПнын максаты | Чон-Алыш айыл аймагынын 2024-2029-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасын (СЭӨП) түзүүнүн негизги максаты айыл аймагынын беш жылга конкреттүү өнүгүү программасын иштеп чыгуу, жергиликтүү калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу. Өнүгүү программа жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүү үчүн жогорку натыйжа берүүчү каражат катары кызмат кылат жана айыл аймагынын келечегине шарт түзөт.<br>СЭӨП иштеп чыгуу процессинде айыл аймагынын социалдык-экономикалык, маданий, климаттык жана географиялык абалына анализ жүргүзүлүп, алдыдагы 2024-2029-жылдарга артыкчылыктуу багыттар аныкталат.<br>Айыл аймагынын калкынын бардык аспектилерин жана жашоо шарттарын жакшыртуу, анын ичинде азыркы жана келечек муундардын |

социалдык-экономикалык, маданий жана экологиялык бакубаттуулугун жогорулатуу.

Чоң-Алыш ААнын экономикасы негизи айыл жана мал чарбасына, картошка, тоо бурчак өндүрүүгө багытталган, инновациялык ыкмаларды колдонуу менен кичи жана орто бизнестер ачылган, жеке ишкерлер соода-сатык жана экологиялык жактан таза айыл чарба продукцияларын өндүргөн,

БулСЭӨПте каралган милдеттерди ишке ашыруунун натыйжасында социалдык-экономикалык абалы, коммуналдык инфраструктурасы мындан дагы жакшыртылып, калктын бардык катмары үчүн, анын ичинде балдар, жардамга муктаж үй-бүлөлөр, жалгыз бой энелер, карыкартаңдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн ыңгайлуу, жагымдуу жашоонун бардык шарттары менен коопсуз болгон аймакка айланат. ААнын калкы таза суу, канализация, телефон жана интернет байланышы менен толук камсыздалып, билим берүү, маданият, спорт, саламаттыкты сактоо, санитария, көрктөндүрүү, жашылдандыруу тармактарында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жогорулайт. Ички жолдор асфальттадып, тротуарлар жана көпүрөлөр калыбына келтирилип, көчөлөр кеңейтилип, түнкү жарыктар орнотулат.

## 2-БӨЛҮМ. КАЛК

### 2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары

| Категория | *факт* | | | *күтүлгөн* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 9391 | 9400 | 9408 | 9430 | 9443 | *9456* | *9469* |
| *Өсүш темпи %* | | 0,09 | 0,08 | 0,23 | 0,14 | 0,14 | 0,14 |
| анын ичинде аялдар | *3998* | *4128* | *4212* | *4352* | | | |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | 5410 | 5493 | 5583 | 5615 | 5682 | 5750 | 5819 |
| *Өсүш темпи (%)* | | *1,5* | *1,6* | *0,6* | *1,2* | *1,2* | *1,2* |
| анын ичинде аялдар | *2185* | *2190* | *2650* | *2730* | *2768* | *2808* | *2848* |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча **иштеген калктын саны** (адам): | 1632 | 1645 | 1657 | 1798 | 1857 | 1918 | 1981 |
| Айыл чарба | 1280 | 1320 | 1400 | 1400 | 1442 | 1486 | 1531 |
| Өнөр жай | 5 | 6 | 8 | 10 | 13 | 16 | 20 |
| *Иштетүүчү* | *1* | 2 | 2 | 3 | 5 | 9 | 16 |
| *Электр энергиясы* | *5* | 5 | 6 | *8* | 9 | 10 | 12 |
| *Курулуш* | 15 | 18 | 25 | 28 | 34 | 42 | 52 |
| *Соода* | 25 | 29 | 32 | 36 | 41 | 46 | 52 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *Транспорт жана байланыш* | 5 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| *Башка кызматтар* | 296 | 260 | 178 | 306 | 306 | 392 | 502 |
| *Кызмыктарды кайра иштетүү* | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 940 | 960 | 980 | 920 | 902 | 884 | 867 |
| *Өсүш темпи* | | 2,1 | 2,0 | -6,1 | -2 | -2 | -2 |
| анын ичинде аялдар | 520 | 480 | 460 | 410 | 890 | 825 | 765 |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | 3 | 4 | 3 | 2 | 0 | 0 | 0 |
| *Өсүш темпи* | | 33,3 | -25,0 | -33,3 | -8,3 | -8,3 | -8,3 |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 60 | 20 | 45 | 34 | 22 | 15 | 10 |
| *Өсүш темпи (%)* | | -66,7 | 24,4 | -64,2 | -35,5 | -35,5 | -35,5 |

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

**2.2.** Эмгекке жарамдуу калктын санынын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу маселелерин жана эмгек миграциясын талдоо

2024-жылы АА-нын жалпы калкы **9430** адамды түздү, анын ичинен эркектер 5078, аялдардын саны 4352 киши. Жылына төрөлгөндөрдүн орто саны 56 баланы түздү. Калктын өсүшү болжолу жылына 1% ашпайт. Божомолдоодо орто мөөнөттүү келечекте ички жана тышкы миграциянын өсүшү күтүлбөй тургандыгы, ошондой эле калктын сырткап агылып кетишин эске алынган. Болжолдонгон калктын саны калктын табигый өсүшү жана азайышы менен жөнгө салынууда

**Эмгекке жарамдуу калктын саны** 5615 адамды түзөт. Орто мөөнөттүү келечекте эмгекке жарамдуу калктын өсүшү жогорку темптерди көрсөтпөйт жана болжол менен ошол эле деңгээлде сакталат,бирок бул мезгилден кийин бул чараларды ишке ашыруунун эсебинен жогору көрсөткүчтөрдү күтүүгө болот. Экономиканы өнүктүрүүгө багытталган программа, бул жаштардын сыртка агылышын олуттуу кыскартууга жана ошону менен эмгекке жарамдуу калктын кыйла олуттуу өсүшүнө алып келиши мүмкүн .

**Эмгекке жарамсыз** калктын саны-3952

**Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын** саны 2024-жылга карата **48** адамды түздү – республиканын башка региондорунун көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу бул өтө аз сан. Ал эми болжолдоодо мындай кичинекей көрсөткүчтүн да азайышы каралганы менен, жаштар үчүн келечектүү жумуш орундарынын жоктугунан, ошондой эле ички миграциянын күчөшүнүн мүмкүн болуучу тобокелдиктерин эске алуу зарыл.

СЭӨП калкты иш менен камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашырууну карайт:

- жаштарга ар кандай тренингдерди жана билим берүү курстарын табууга жана бүтүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- үйдө отурган кыз-келиндерди чакан ишкерликке, кол өнөрчүлүккө жана тигүү цехтерине жумушка тартууга жардам берүү;

бизнес ачууда жаштарга, жаңы баштаган ишкерлерге жардам көрсөтүү.

Айыл аймакта жайкы жана кышкы, ошондой эле тоо туризмин өнүктүрүү

<u>Корутунду</u>:

**Калктын жалпы санынын өсүшү** анча деле чоң эмес – жылына 1%, ал калктын табигый өсүшү жана табигый азайышы менен гана жөнгө салынат.

**Эмгекке жарамдуу калктын саны кескин өскөн жок**

Эмгекке жарамдуу калктын жалпы санында иштеген калктын үлүшү – **59,5%** жана өсот. Калктын көбү айыл чарбасында **65%** иштейт.

**Жумушсуздуктун** деңгээли орто – эмгекке жарамдуу калктын **40,5%**.

**Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын** саны республиканын башка аймактарына салыштырмалуу өтө аз.

СЭӨПтүн максаты айыл аймакта жай өнүгүп жаткан өнөр жайды, айыл чарба багытын өнүктүрүүгө багытталат.

Сунуштар:

- Айыл жергесинде ишкердик кылуу боюнча окутууларды жүргүзүү (тажрыйба алмашуу, форумдар, жарманкелер);
- Үйдө отурган аялдарды жана кыздарды бала бакчаларга жана тигүү цехтерине жумушка тартууга жардам берүү;
- Бизнес ачууда калкка жардам көрсөтүү
- Жаштарга ар кандай тренингдерди өткөрүү жана билим берүү курстарын табууга жана бүтүрүүгө көмөк көрсөтүү.
- Агротехникалык көргөзмөлөрдү өткөрүү;
- Жер иштетүү технологиялары жана мал чарбачылыгындагы жаңы ыкмаларды үйрөтүү;
- Жергиликтүү колдонуучулар менен биргелешип долбоорлорду жүзөгө ашыруу;
- Калкты өз ден-соолугуна өзү кам көрүү маданиятын калыптандырууга көмөктөшүү;

Калктын демографиясын өстүрүү, жумушсуздардын санын азайтуу, миграциянын санын төмөндөтүү жана жарандарды иш менен камсыз кылуу.

## 3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА

**3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура**

| Категория | *факт* | | | *күтүлг он.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 ж. | 2022 ж. | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027 ж. |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 1,3 | 1,3 | 1,3 | 1,3 | 30 | *40* | *50* |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 30 | 40 | 50 | 80 | 85 | *90* | *100* |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 2,3 | 2,3 | 2,3 | 2,3 | 5 | *5* | *6* |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 10 | 15 | 15 | 20 | 25 | *30* | *40* |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 140 | 170 | 170 | 180 | 200 | *220* | *250* |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 5 | 6 | 6 | 6 | 8 | *8* | *10* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 20 | 20 | 40 | 40 | 50 | *60* | *60* |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 90 | 100 | 100 | 100 | 100 | *100* | *100* |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | 380 | 377 | 377 | 377 | 350 | *330* | *360* |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир тургунга жалпы аянттын кв. м) | *330* | *340* | *360* | *381* | *390* | *410* | *460* |
| *(башка көрсөткүчтөр)* | | | | | | | |

**3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө**

**Таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу**: 2024-жылга карата калктын 1,3% гана таза суу менен камсыз болгон.башкача айтканда айыл аймактагы 3айылдын ичинен 1гана айылга таза суу кирген. (Чат-Базар айылы калкынын саны-1258адам).Учурда таза суу маселеси эң көйгөйлүү маселе.Себеби азыркы заман талабына жараша ар бир үйдө өз алдынча суу чыгарып алышкан,ошону менен бирге ар бир үйдө септик жакын жайгашкандыктан,бир үйдүн суусу экинчи үйгө келип,булганыч суу ичип калууда. Мунун менен ден соолугубузга зыян,айлана чөйрө аба булганууда.Таза суу кирип калса жарандардын,өзгөчө жаш балдардын ден соолугу жакшырып,таза аба менен дем алмак.

**Катуу тиричилик калдыктарды чыгарууну 100%га жеткирүү,** 2024-жылы **85%** деңгээлинде аткарылды. буга төмөнкү көйгөйлөр жогорку 100 пайызга жетишүүгө тоскоол болууда:

- Таштандыларды чогултуу үчүн жумушчулардын жетишсиздиги;
- Таштандыларды чогултуу үчүн атайын техникалардын жетишсиздиги;
- Таштандыларды кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугу;
- Айыл аймактын карамагындагы айылдардын аралыктарынын алыстыгы;

  Айыл аймактын аянтынын, анын карамагындагы айылдардын жана алардагы жашаган калктын санынын көптүгү;

**Ички жолдордун абалы: Айыл аймактын ички жолдорунун узундугу жалпы 10 км түзөт.** 2024-жылы ААдагы асфальтталган жолдордун үлүшү **2,3% түзот**.ААнын жол тармагы төмөнкүдөй көйгөйлөргө туш болууда:

- АА аймагындагы ички жолдорду асфальттоого каражат жетишсиз;

  Айылдардын ичиндеги чоң жолдордун боюнда жөө жүргүнчүлөр үчүн тротуарлардын жоктугу же тапталанып калгандыгы;
- Көп бир үй чарбаларында үй, тосмо же дубал тротуарларды жаап, кызыл сызыкка чейин кирип кеткендиги;
- Техникалардын жетишсиздиги;

**5%** асфальтталган жолдорго жетишүү күтүлүүдө, бул үчүн жыл сайын **0,5 км** жолго асфальт төшөө керек

